Бекитемин _____________

РайБББнун башчысынын милдетин

убактылуу аткаруучу____________И.Бекишов

Э.Кадыркуловдун кызматтык милдеттери:

- Мектептин окутуу тарбиялоо процессинин бардык багыттарындагы жана бардык этаптарындагы перспективдүү жана күнүмдүк ишин пландаштырууну уюштурат.
- Мектептин өнүгүшүнүн негизги негизги багыттарынын иштелип чыгышын уюштурат жана аткарылышын көзөмөлдөйт.
- Мектептин кызыкчылыктарын жана укуктарын мамлекеттик жана коомдук уюмдарда сунуштайт жана коргойт.
- Педагогикалык кенештин жана мектептин китепканасынын иштерин жетектейт.
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын, «Манас» эпосунда, ошондой эле кыргыз республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги принциптерди окутуу боюнча иштерин көзөмөлдөйт.
- Окуу планынын мектептик компонентин бекитип, аткарылышын көзөмөлдөйт.
- Мамлекеттик били берүү стандарттарын, окуу пландарынын жана билим берүү программаларынын аныкталышын, окуучулардын билим сапатын, окутуу тарбиялоо иштеринин мазмунун жана үзүрлүгүн көзөмөлдөйт.
- Окутуу-тарбиялоо ишине жаны технологияларды киргизүү боюнча иштерин уюштурат.
- Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын жана окуучуларды көчүрүү сыноолорун уюштуруп, өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт.
- Педагогикалык кызматкерлерди жана техникалык кызматкерлерди кабыл алып жайгаштырат.
- Бекитилген дасыктык мүнөздөмөлөрүнүн жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдарынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт.
- Мектептин педагогикалык персоналын үзүрлүү иштөөгө, алардын чыгармачылык жана илимий-теоретикалык өсүшүнө, педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүгө, кесиптик чеберчилигин жогорулатууга жана кайра даярдоодон өтүүгө шарттарды түзөт.
- Педагогикалык кызматкерлеринин аттестациялоосун даярдоого жана өткөрүүгө жардам көрсөтөт.
- Ишинде өзгөчө көрсөткүчтөргө ээ болгон кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтөт, өзүнүн компетенциясынын чегинде жазаларды колдонот.
- Мамлекеттик  үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин (негизги жалпы билими жөнүндөгү күбөлүгү, орто жалпы билими жөнүндө аттестатты) сактоону жана

тапшырууну, ошондой эле бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырыла турган маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыз кылат.

- Балалыкты коргоо, окуучулардын жана педагогикалык жамааттын укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарын тутууну көзөмөлдөйт жана персоналдык жоопкерчилигин тартат.
- Окуучулардын өзүн-өзү башкарууларынын жана балдар уюмдарынын түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө көмөктөшүп, жардам көрсөтөт.
- Мектептин бюджеттик каражаттарын жана башка булактардан түшкөн каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылат, жаңы каржылоо булактарын тартып, киреше алып келүүчү ишкердүүлүктү уюштурат.
- Окуучулардын кесиптик багыт алуу жана жайкы эс алууда ден соолуктарын чыңдоо иштерин жүргүзөт
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мектептин мүлкүн жана башка каражаттарын тескейт.
- Мектептин окутуу- материалдык –техникалык базасын эсепке алууну, сактоону жана толуктоону камсыз кылып, аны окутуу тарбиялоо процессинде үзүрлүү жана педагогикалык жактан аныкталгандай колдонот.
- Ички эмгек тартибин, санитардык-гигиеналык түзүлүшүнүн, техникалык коопсуздугунун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин тутууга, персоналдын жана окуучулардын эмгегин коргойт.
- Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каржылоосу менен мектептин капиталдык жана учурдук оңдоодон өткөрүлүшүн көзөмөлдөйт
- Мектепке көмөк көрсөтүүчү ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) , коомчулук жана мекемелер менен иштөөнү камсыз кылат.
- Мектептин документациясынын жана иш кагаздарын туура жүргүзүүнү камсыз кылат

Мектеп директору: Э.Кадыркулов